Аккредитациялык кеңеш тарабынан каралды
Протокол №9 2024-жылдын 4-июлу
Бекитемин
Агенттиктин директору П.З. Бостонова

# ЖОБО
# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА ЭКСПЕРТТЕР ЖӨНҮНДӨ

Билим берүү программалары менен уюмдарды аккредитациялоо боюнча эксперттер тууралуу ушул Жобо 2024-жылдын 15-майындагы №246 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Билим берүү тармагында аккредитациялоого байланыштуу нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык иштелип чыккан.

1. Окуу жайын же билим берүү программасын көз карандысыз тышкы баалоого тартылган эксперт билим берүү уюмунун же программалардын аккредитациясы боюнча «Сапаттуу Билим» агенттигинде милдеттүү түрдө окуудан өтүүгө тийиш. Эксперт агенттикте же макулдашуу боюнча башка ушул сыяктуу агенттиктерде мезгил-мезгили менен окуудан өтө алат. Эксперт аккредитациялоо процесси боюнча толук нускама алып, тышкы баалоону жүргүзүү максатында уюмга 2 же 3 күндүк баруу программасы менен камсыздалат.

2. **«Сапаттуу Билим» Агенттигинин эксперти төмөнкүлөрдү билиши керек:**
— билим берүү жана илим тармагындагы аккредитация процедурасын жөнгө салган иштеп жаткан нормативдик укуктук актыларды;
— кызматтык маалымат жана жеке маалыматтар менен иштөө ыкмаларын жана усулдарын;
— билим берүү уюмдары менен программаларды аккредитациялоонун тиешелүү түрүн жүргүзүү боюнча «Сапаттуу Билим» Агенттигинин стандарттарын жана колдонмолорун;
— аккредитациялоо процесси учурунда билим берүү уюмдары жана/же программалары тарабынан жарыяланган Агенттиктин стандарттарына жана мамлекеттик талаптарга шайкештигин баалоо ыкмаларын;
— аккредитациялык экспертизанын корутундусунун мазмуну менен формасына карата талаптарды, ошондой эле билим берүү уюмунун жана/же программасынын аккредитациялык экспертизасын жүргүзүү учурунда даярдалуучу документтерге коюлуучу талаптарды.

**3. «Сапаттуу Билим» Агенттигинин эксперти төмөнкүлөрдү билиши жана жасай билиши керек:**
— маалыматты талдоо, системалаштыруу жана жалпылоо;
— билим берүү уюмдарынын институционалдык жана программалык аккредитация боюнча өзүн-өзү баалоо отчетторуна жана отчетторуна рецензия берүү;
— анкеталоо өткөрүү жана жыйынтыктарын иштеп чыгуу;
— сурамжылоо, маек жана башка оозеки жана жазуу түрүндөгү ыкмалар менен маалымат чогултуу;
— ар түрдүү ресурстарды баалоо;
— компьютердик техника жана маалыматтык технологиялар аркылуу корутундуларды жана башка экспертиза документтерин түзүү;
— тышкы эксперттик комиссиянын визитинин жыйынтыгы боюнча отчет түзүү жана иштеп чыгуу;
— аккредитациялык экспертиза жүрүшүндө башка эксперттер, аккредитация органы жана билим берүү уюмдары менен кызматташуу;

— билим берүү программаларын (анын ичинде окуу пландарын, иш программаларын, дисциплиналарды (модулдарды), тарбиялык жана билим сапатына багытталган материалдарды, окуу жана өндүрүштүк практикалар программаларын, календардык пландарды жана усулдук материалдарды) талдоо;
— билим берүү уюмдарынын студенттеринин жана бүтүрүүчүлөрүнүн даярдыгынын мазмунунун мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана Агенттиктин талаптарына ылайык (же ылайык эместигин) аныктоо.

**4. Эксперттин квалификация деңгээли «Сапаттуу Билим» Агенттигинин талаптарына ылайык болушу керек.**

Бул талаптар Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын өзгөрүшүнө (анын ичинде мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана талаптарына), аккредитациялык экспертизаны өткөрүүнүн формалары менен ыкмаларын өркүндөтүүгө жараша өзгөрүп турат жана компьютердик техника менен маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу квалификацияны жогорулатуу жана өз алдынча билим алуу жолу менен камсыздалат.

Эксперт «Сапаттуу Билим» Агенттиги жана/же башка уюмдар тарабынан өткөрүлгөн семинарларга, конференцияларга жана башка иш-чараларга катышат.

**5. Эксперт болууну каалаган талапкер «Сапаттуу Билим» Агенттигинин веб-сайтындагы өтүнмө формасын толтуруп, төмөнкү документтерди электрондук почта аркылуу sapattuubilim@mail.ru дарегине жөнөтүүгө тийиш:**

а) жеке инсандыгын тастыктаган документтин көчүрмөсү;
б) жогорку кесиптик билим, кошумча билим, илимий даража жана илимий наам боюнча документтердин көчүрмөлөрү;
в) бардык байланыш маалыматы көрсөтүлгөн кеңири резюме (эркин формада);
г) чет тилдер боюнча тест тапшыруу сертификатынын көчүрмөсү (мисалы, IELTS, TOEFL ж.б., эгер бар болсо);
д) компетенттүүлүктү тастыктаган башка документтер (мисалы, билим берүү уюмдарынын, илимий уюмдардын, ассоциациялардын сунуш каттары);
е) билим берүү уюмдары менен программаларды аккредитациялоо боюнча эксперттик сертификаттардын же окуу семинарларынан өткөндүгү тууралуу документтердин көчүрмөлөрү;
ж) толтурулган өтүнмө формасы.

**Тиркеме 1**

**"Сапаттуу Билим"**
**билим берүү уюмдарын жана программаларын**
**аккредитациялоо агенттигинин директору**
**П.З.Бостоновага**

**Билдирүү**

___________________________________________________________

(толук Аты-жөнү, фамилиясы, телефону, E-mail)

___________________________________________________________

Аккредитациялоо учурунда билим берүү программаларын жана уюмдарын экспертизалоо үчүн окуп жаткан топтун курамына киргизүүнү өтүнөм

Талап кылынган документтер тиркелет:

а) Ким экендигин ырастоочу документтин көчүрмөсү;
б) Жогорку кесиптик билими, кошумча билими жөнүндө документтердин жана окумуштуулук даражасы, окумуштуулук наамы жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү;
в) Бардык байланыштарды көрсөтүү менен толук резюме (эркин формада)
г) IELTS, TOEFL ж. б. чет тили боюнча тест тапшыргандыгы жөнүндө сертификаттын көчүрмөсү (бар болсо);
д) Компетенциясын тастыктоочу башка документтер (мисалы, билим берүү уюмдарынын, ассоциациялардын илимий уюмдарынын сунуштары ж. б.);
е) Эксперттин сертификаттарынын же билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча окутуучу семинарлардан өткөндүгү жөнүндө;
ж) Толтурулган арыз.

Төлөөгө кепилдик берем.

______________________ ______________

аты-жөнү Кол тамгасы